УДК 81:81’1

Абдуллаев С.Н., Тойчуев Т.К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮН МЕЙКИНДИК МААНИДЕГИ МОДЕЛДЕРИНИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Макалада кыргыз тилинин синтаксисин изилдөө үчүн жаңы моделдик ыкма сунуш кылынып, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн мейкиндик маанидеги моделдеринин субсистемасына көңүл бурулат.*

Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн мейкиндик маанидеги конструкциялары моделдердин үч блогунан турат:

1) статикалык моделдердин блогу – локативдүү моделдер;

2) динамикалык моделдердин блогу – каттоонун моделдери;

3) ортомчул моделдердин блогу – локалдаштырылган кыймылдын модели.

Мындай блокторго бөлүп кароо моделдерди түзгөн предикаттардын жалпы семантикасына байланыштуу болот. Мындан сырткары, локализатордун статикалык же динамикалык түрлөрүнө деле байланыштуу болот.

Локативдүү моделдерде экзистенциалдуу этиштер менен көрсөтүлгөн предикаттар иштетилет. Кыймыл-каттоону билдирген моделдерде предикаттын ролун кыймыл этиштери аткарат. Ал эми локалдаштырылган кыймылдын моделдеринде динамикалык этиштер статикалык локативдүү локализатор менен чогуу иштетилет.

***Локативдүү моделдер.***

Локативдүү моделдер үч топко бөлүнүшөт: экзистенциалдуу, локативдүү жана ээлик моделдери. Бул кыл түрлөргө бөлүнүүнүн негизинде пропозициянын түрү жатат:

-локативдүү пропозиция – “мейкиндиктин белгилүү жагдайында субъектинин бар болушу”;

-локативдүү пропозиция – “мейкиндиктин белгилүү жайында субъектинин орун алышы”;

-ээлик кылуу пропозициясы – “белгилүү затта бир нерсенин бар болушу”.

Экзистенциалдуу жана локативдүү моделдер өз ара байланышта турган синтаксистик бирдикти түзүшөт. Экзистенциалдуу сүйлөмдөр ар кандай тилдеги сүйлөмдөрдүн арасында өзгөчө орунду ээлеп келишет. Анткени логикалык көз караш менен караганда, алар субьекттик-предикаттык структура катары эсептелинбейт. (Арутюнова 1976, 73).

Биз өзүбүздүн изилдөөлөрүбүздө тек гана мейкиндик маанидеги сүйлөмдөрдү карагандыктан, бар болуу жана орун алуу маанилери биз үчүн өз ара байланышкан маанилер болуп эсептелинет. Мейкиндик маанидеги сүйлөмдөр локализаторду сүйлөмдүн сөзсүз керектелүүчү компоненти катары камтыйт.

Бирок локативдүү сүйлөмдөрдү коммуникативдик компоненттерге бөлгөндө, орун алуу жана бар болуу маанилери айрым-айрым бөлүнүшөт. Ошондуктан субьект менен локализатор кандай коммуникативдик позицияларды ээлегенине карай биз экзистенциалдуу жана локативдүү моделдерди бир-биринен бөлүп изилдейбиз. Эгерде субьект фокустук позицияда – предикаттын алдында - турса, моделде бар болуу мааниси үстөмдүк кылат. Эгерде субьект топикалдуу позицияда туруп, ал эми локализатор фокустук орунду ээлесе, моделдин маанисин орун алуу мааниси түзүп калат.

Ошентип, экзистенциалдуу моделдер локативдүү моделдердин парадигматикалык варианты катары кабыл алынышы мүмкүн. Бул учурда сүйлөмдүн типтүү мааниси түп-тамырынан өзгөрүүгө учурап калат.

Мындан сырткары, экзистенциалдуу жана локативдүү моделдер таануу сүйлөмдөрүн (отрицательные предложения) түзүү жагынан деле айырмаланышат. Экзистенциалдуу моделдерде таануу мааниси пропозиция түрүн өзгөртөт: бар болуу пропозициясына

карама-каршы коюлат.

Локативдүү моделдердин ичинде таануу маанидеги сүйлөмдөр өзгөчө моделдерди түзүшпөйт. Алар парадигматикалык вариант катары гана кабыл алынууга тийиш. Анткени таануу сүйлөмдөрүн түзүү ыкмасы кыргыз тилиндеги этиштик суйлөмдөрдүн бардыгына мүнөздүү.

Ушул эки себептен улам биз локативдүү сүйлөмдөрдү экзистенциалдуу сүйлөмдөрдөн бөлүп карайбыз.

Ээлик кылуу моделдери мейкиндик маанидеги статикалык моделдердин арасында өзгөчө орунда турушат, себеби бул моделдерде локализатор өзүнүн семантикалык ролун ээнин ролуна алмаштырат. Бирок бул моделдерде мейкиндик мааниси да бар. Муну предикаттын ролундагы экзистенциалдуу этиш көрсөтүп турат.

***Экзистенциалдуу моделдер***.

Моделдердин бул түрүнүн пропозициясы – “мейкиндиктин белгилүү жайында субьектинин бар болушу”.

Пропозициянын түрүнө карай экзистенциалдуу моделдер бар болуу, жок болуу жана фазистик экзистенциалдуу моделдерге бөлүнүшөт.

Экзистенциалдуу моделдердин жалпы көрүнүшү төмөндөгүдөй:

| |
|---|
| $LocN^{ex}\ Nom\ Vf^{ex}$ |

Типтүү пропозиция – “Кандайдыр бир субьектинин мейкиндиктин белгилүү жайында бар болушу”. Моделдин тутумунда төмөндөгүдөй үч компонент турат:

1. Экзистенциалдуу типтеги предикат.
2. Субьект – экзисциенс.
3. Локализатор.

Экзистенциалдуу моделдерде предикат катары бар болуу, белгини көрсөтүү этиштери иштетилет.

Локативдүү локализатордун позициясында жатыш жөндөмөсүндөгү заттык жана мейкиндик маанидеги зат атоочтор менен мейкиндик маанидеги чакчылдарды көрүүгө болот.

Ал эми бул моделдин субьекти фокустук позицияда – предикаттын алдында турат. Экзистенциалдуу моделдин мисалдарын келтирели:

*Көчөдө араба турат.*
*Тигинде күрөк жатат.*
*Ал жерде капчыгай бар эле.*

Локализатордун маанисине карап экзистенциалдуу моделдердин төмөндөгүдөй түрлөрүн бөлүп чыгарууга болот:

1. Дейктикалык модель.
2. Апудессивтүү модель.
3. Суперэссивдүү модель.
4. Инессивдүү модель.
5. Медиэссивдүү модель.

Дейктикалык модель бир нерсенин кыймыл-аракеттин ээсине карата мүнөздөмөсүн берет. Моделдин структуралык схемасы:

| |
|---|
| Deic NexNomVfex |

Моделдин препозициясы – “иш-аракеттин ээсине карата белгиленген локумда субьектинин бар болушу”. Бул моделде локализатордун ордунда чакчылдарды көрүүгө болот. Мисалы:

*Тигинде бир үй-бүлө жашап жатат*.

*Бул жерде, ал жерде* сыяктуу *чакчылдар* өзүлөрүнүн семантикасы аркылуу

моделдин дейктикалык вариантын түзүшөт.

Апудессивдүү моделдер субьект бир нерсенин жанында турганын көрсөтүшөт. Моделдин структуралык схемасы:

| |
|---|
| Apudess Nex nomVfex |

Моделдин пропозициясы – “субьектинин белгилүү мейкиндик ориентирдин жанында бар болушу”. Маселен:

*Базардын жанында автобустар турат.*

Суперэссивдүү модель субьектинин бир нерсенин үстүндө тургандыгын көрсөтөт. Бул моделдин эки түрү бар:

а) биринчи түрүнүн структуралык схемасы:

| |
|---|
| Superess1NexnomVfex |

Пропозиция – “субьектинин бир нерсенин үстүндө турушу”.

Локализатордун ордунда, негизинен, жандоочтор менен зат атоочтор келиши байкалат. Мисалы:

*Чөптүн үстүндө аркан жатат.*

Моделдин экинчи түрүнүн структуралык схемасы:

| |
|---|
| Superess2NexNom Vfex |

Иннессивдүү модель деле мазмунуна жана локализатордун берилиш ыкмасына карай эки түргө бөлүнөт:

а) биринчи варианттын структуралык схемасы:

| |
|---|
| Iness1NexnomVfex |

б) экинчи варианттын структуралык схемасы:

| |
|---|
| Iness2NexnomVfex |

Пропозиция – “чектелбеген мейкиндикте субьектинин бар болушу”. Мисалы:

*Бул токойдо түрдүү жаныбарлар бар.*

*Көк асманда учак көрүндү.*

*Ысык-Көлдө көп эс алуу жайлары бар.*

Модиэссивдүү моделдер төмөндөгүдөй структуралык схемага ээ:

| |
|---|
| Modiess Nex Nom Vfex |

Пропозиция – “белгилүү мейкиндиктин ортосунда субьектинин орун алышы”. Мисалы:

*Айылдын ортосунда бийик үй турат.*

*Көлдүн ортосунда бир нерсе көрүндү.*

Кыргыз тилиндеги экзистенциалдуу моделдерде локализатор менен предикат көмүскөдө калышы мүмкүн. Локализатордун көмүскөдө калышынын себеби контекстке байланыштуу болот. Мындай мисалдарды дейктикалык экзистенциалдуу моделдин

структуралык варианты катары кабыл алса болот.

Локализатордун көмүскөдө калышы этиштин семантикасына деле түздөн-түз байланыштуу болот. Эгерде сүйлөмдө тур-, жат- сыяктуу этиштер бар болсо, локализатор белгилүү контекстуалдык шарттарга жараша көмүскөдө калышы ыктымал. Эгерде предикат белгиге ишарат кылуу этиши менен берилсе, локализатордун көмүскөдө калышы мүмкүн эмес.

Ал эми предикаттын көмүскөдө калышы бол- этишинин касиетине байланыштуу болот. Экзистенциалдуу сүйлөмдөрдө бул этиштин көмүскөдө калышы тез-тез учурайт.

***Тоскоолдуктан өтүү модели***

Мейкиндик маанидеги моделдердин арасында бул моделдердин структуралык схемасы төмөндөгүдөй:

| NagnomNob-surnAssVfmat |
|---|

Бул моделдин пропозициясы – "кыймыл-аракеттеги субьекттин мейкиндиктеги тоскоолдуктан өтүшү".

Моделдин тутумуна үч компонент кириши мүмкүн:

1. Кыймылдын акционалдуу эмес предикаты.
2. Табыш жөндөмөдөгү обьект тоскоолдук.
3. Субьект агенс.

Моделдин семантикалык варианттарга бөлүнүшү моделдин компоненттеринин маанисине байланыштуу.

Тоскоолдуктан өтүү моделинин үч семантикалык вариантын бөлүп караса болот.

1. Белгилүү тоскоолдуктан өтүү маанисин билдирген семантикалык вариант.
2. Белгисиз мейкиндиктен өтүү маанисин билдирген семантикалык вариант.
3. Узун аралыкты токтобой өтүү маанисин билдирген семантикалык вариант.

Ошентип, макалабызда сунушталган моделдик ыкманын жардамы менен кыргыз тилиндеги мейкиндик маанидеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн структура-семантикалык моделдерин изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Адабияттар:**

1. Арутюнова Д. Предложение и его смысл. -М.: Наука, 1976. – 384 с.